# Мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде адистерди даярдоо боюнча келишим

(КРдин Өкмөтүнүн 2018.04.07 №886/1 токтому менен бекитилген)

Ош шаары 2020-ж. «___» _________

Ушул келишим бир тараптан ОшМУнун Уставынын негизинде аракеттенүүчү ОшМУнун ректору, профессор **К. Г. Кожобеков** менен экинчи тараптан – ОшМУнун гранттык комиссиясы окууга кабыл алууга белгиленген тартипте сунуш кылган жана ыктыярдуу аракеттенчү

___________________________________________________________

аты, жөнү, теги

ортосунда паспортунун сериясы ____________________________ жашаган дареги ___________________________________________________________

району, айылы, көчөсү, үй номери

_________________________________________ багыты/адистиги боюнча окууга тапшырып жаткан тараптар ортосунда төмөнкүлөр жөнүндө түзүлдү.

## I. Келишимдин предмети

ОшМУнун гранттык комиссиясы мамлекеттик билим берүү грантынын негизинде университетке кабыл алууга сунуштаган адамга мамлекеттик билим берүү грантын берүүнүн шарттарын түзүү өзгөчөлүктөрү.

## 2. Тараптардын милдеттери

***2.1. Жогорку окуу жай буларга милдеттенет:***

– Гранттык комиссия сунуштаган адамды тандалган багыт ______________________ __________________________ (адистиги) боюнча студенттердин катарына кошууга жана республикалык бюджеттин каражатынын эсебинен окутууга;
– КРдин Билим берүү жөнүндөгү мыйзамдарынын талаптарына ылайык келген билим берүүчү кызматтарды көрсөтүүгө;
– окуган адам кесиптик жогорку билим берүүнүн багыты (адистиги) боюнча окутуучу программаларды өздөштүрүшүнүн жана мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча ага тийиштүү квалификация (академиялык даража) ыйгарууга жана жогорку билим жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү диплом берүүгө;

***2.2. Гранттык комиссия ЖОЖго алууга сунуштаган адам төмөнкүлөргө милдеттенет:***

– ЖОЖдун Уставынын талаптарын жана ички тартибинин эрежелерин сактоого;
– кесипке окутуучу программаны толук көлөмдө өздөштүрүүгө;
– ушул келишимди түзүүнүн шарттарына тиешелүү абал өзгөргөн учурда мыйзамга ылайык чара көрүшү үчүн ЖОЖдун жетекчилигине бир ай мөөнөттөн кечиктирбестен, жазуу жүзүндө билдирүүгө;
– - окуудан баш тарткан күнгө чейинки чыгымдар төмөнкү учурларда кайтарып берилсин:
  - ЖОЖдон себепсиз же өз каалоосу менен окуудан чыгарылганда;
  - ЖОЖдон наркын төлөө менен келишим боюнча окууга өткөндө же тектеш эмес адистиктерге которулууга байланыштуу окуудан чыгарылганда.

## 3. Өзгөчө шарттар

3.1. Адисти даярдоого кеткен чыгымды төлөөдөн бошотулуучулар:

– медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча келечектеги кесип боюнча иштөө медициналык жактан ылайык болбогон адамдар;
– жетим балдар (тоголок) жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар;
– радиациялык авариялардан жана башка кырсыктардан жабыркаган адамдар;
– окуу наркын төлөө келишими боюнча окууга тикеленип, окуусун аяктагандан кийин жекече бөлүштүрүү комиссиясынын жолдомосу менен иштеп берүү милдеттенмесин аткарууга макул болгон жактар;

3.2. Бул келишим кыргыз тилинде эки нускада түзүлдү, бардык нускалары бирдей юридикалык күчкө ээ:

3.3. Келишим ага кол коюлган учурдан баштап күчүнө кирет, студент окуган бүткүл мөөнөт бою жарактуу болот жана тараптардын жазуу жүзүндөгү макулдашуусу боюнча гана өзгөртүлүшү мүмкүн.

3.4. Тараптардын ортосунда болгон талаш жагдайлар мыйзамда белгиленген тартипте чечилет.

**ОшМУнун ректору,**
**профессор К.Г. Кожобеков**

_______________
колу

2020-ж. «__» _______

723500. Ош ш. Ленин к., 331
тел.: 0(9963222)72273

**Окууга алуу сунушталган адам же анын мыйзамдуу өкүлү**

_______________
колу

_______________
Аты жөнү

_______________
Тел.

Эл. почтасы_____________

Каттоо №________

2020-ж. «__» ________